**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, К.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Кыргызстан Эл аралык университети**

**Д12.20.614 Диссертациялык кеңешинин №_9- протоколу**

Жалал-Абад шаары 1-апрель, 2021-ж.

**Катышкандар:**

**Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү:** Арабаев А.А., Арзиев Н.И., Асаналиев Т.А., Баетов А.Б., Кулдышева Г.К., Мажитов Б.О., Мамбеткулов А.Ш., Пазылов Н.А., Юлдашев К.К., Юсупов У.Ж., Азиз Канатбек.

**Диссертациялык кеңештин негиздөөчү уюмдардын окүлдөрү**: Алыбаев К.С., Абдразакова Г.А., Нурматова М.

**Изденүүчүлөр**: Р.Джоробекова, А.Э.Сулайманова, А.Т.Атантаев, С.А.Минбаев, Ч.М.Турсунбаева, К.А.Абдуганиев, Айтмамат кызы Айгул

**Диссертациялык кеңештин себептүү келбеген мүчөлөрү:** Дусипов Е.Ш., Сулейменова С.Ж.

**Күн тартиби:**

5. Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусун кароо;

**Бешинчи маселе:** Изденүүчү Турсунбаева Чолпон Манасовнанын диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусун кароо;

**Төрага А.А. Арабаев:** Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясы боюнча төмөнкү курамдагы эксперттик комиссия бекитилген: ю.и.д., профессор Асаналиев.., ю.и.д., профессор Кулдышева., ю.и.к., Мажитов Б.О.

Сөз окумуштуу катчы Пазылов Ниязбек Адылжановичке берилет.

**Пазылов Н.А.:** (эксперттик комиссиянын корутундусу тиркелет)

**Төрага А.А. Арабаев:** - Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясы боюнча эксперттик комиссиянын корутундусун бекитүүнү добушка коем. Ким макул? Ким Каршы? Калыс? Жок. Бир добуштан кабыл алынды.

ЧЕЧИЛДИ:

**Изденүүчү** Ч.М.Турсунбаеванын **диссертациялык иши боюнча эксперттик комиссиянын корутундусун карообоюнча Диссертациялык кеңеш ЧЕЧИМ кабыл алды:**

1.Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын 12.00.01 адистиги боюнча "Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу" аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча оң баадагы корутундусу бекитилсин (Корутунду тиркелет).

2. Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясы Диссертациялык кеңештин кезектеги отурумунда алдын ала коргоого киргизилсин.

Күн тартибине киргизилген маселе: Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясын алдын ала коргоосу.

**Төрага А.А. Арабаев:** - Анда Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясын алдын ала коргоосуна өтсөк. Сөз диссертациялык ишинин негизги жоболору жана алынган илимий жыйынтыктары менен тааныштыруу үчүн изденүүчү Ч.М.Турсунбаевага берилет.

**Изденүүчү** Ч.М.Турсунбаева**:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин диссертациялык изилдөөмдүн темасы «Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу» деп аталат. Изилдөө 3 глава, 8 бөлүмдөн турат. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен шартталат: укуктук мамлекеттин шарттарында адам укуктары жана эркиндиктери анын ичинде жеке кол тийбестиги бир канча алдыңкы планга коюлса, тилекке каршы көптөгөн учурларда аялдар ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөсүндө зомбулук аракеттерге дуушар болууда. Зомбулук аракеттердин ичинде аялдарга каршы кылмыштар бир канча орундуу экендиги тынчсыздануунун жаратат. Атайын статистикалык маалыматтар муну бекемдейт.

Айта кетүү орундуу, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын бузулушуна үй-бүлөдөгү аялдарга каршы зомбулук аракеттердин туруктуу өсүшү да өз кедергесин тийгизүүдө.

Изилдоонун зарылчылыгы Кыргызстандагы адамдардын, анын ичинде аялдардын репродуктивдүү укуктарынын корголушу, ишке ашырылышы, камсыз болушу бир канча көңүл жубатарлык абалда эместиги менен да түшүндүрүлөт.

**Диссертациялык** изилдөөнүн максаты – болуп Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарынын абалын жана тенденцияларын, ченемдик укуктук жөнгө салуунун теоретикалык жактарын иштеп чыгуу жана бул чөйрөдөгү улуттук мыйзам актыларын жакшыртуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы

-биринчиден, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталган;

-экинчиден, аялдардын репродуктүвдүү укуктарынын мазмундук маңызы жана теоретикалык концепциялардын өзгөчөлүктөрү негизделген;

-үчүнүчүдөн, аялдардын репродуктивдүү укуктарын изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык негиздери негизделген;

-төртүнчүдөн, энеликтин предметтик укуктук өз алдынчалуулугу жана обьктивдүүлүгү аялдардын репродуктивдүү укуктарынын социологиялык концепциясына негиздүүлүгү аргументтелген;

-бешинчиден, карын энеликтин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү ачыкталган жана карын эне түшүнүгү сыпатталган;

-алтынчыдан, субьектилердин укуктук абалын эске алуу менен көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу чөйрөсүн ченемдик жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар сыпатталган;

-жетинчиден, Кыргыз Республикасында репродуктивдүү укуктарды ченемдик жөнгө салуунун негизги тенденциялары белгиленген;

-сегизинчиден, Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын жөнгө салуунун негизги көйгөйлөрү аныкталып, аны жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар белгиленген.

Аялдардын репродуктивдүү укуктарынын ченемдик жөнгө салынышын жакшыртуу, алардагы карама каршылыктарды, боштуктарды жоюу, түшүнүк аппаратын кеңейтүү, жоопкерчилик негиздерин калыптандыруу үчүн төмөнкү практикалык сунуштар сунушталат:

1. Конституциянын 23-беренесин биринчи абзацын Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды, анын эмбриондорун, ооциттерди (жыныс клеткаларын) соодалоого жол берилбейт деп толуктоо зарыл.

2. Репродуктивдүү технологияларды пайдалануу жакын туугандардын тууганчылык байланышында генетикалык аспект аркылуу кароо зарылчылыгын жаратат. Мына

ошондуктан Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексиндеги 2 беренедеги негизги түшүнүктөргө толуктоо киргизүү зарыл.

Тактап айтканда, жакын туугандар - ата-энеси, балдары (анын ичинде репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен пайда болгон ата-энелик, ата, эне, балдары), асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таяне, неберелери;

репродуктивдик укуктар - жарандардын тукумун улоого, алардын репродуктивдик ден-соолугун коргоого жана никеси бар, же никеси жок бала төрөө (төрөтүү) же бала төрөөдөн (төрөтүүдөн) баш тартуу, бойго бүтүрүү жана бала төрөө ыкмалары туурасында чечимдерди эркин кабыл алууга, ошондой эле бул чөйрөдө медициналык-социалдык, маалыматтык жана консультациялык жардам алууга карата укуктарын толуктоо зарыл.

3. КР КЖК 161 беренесинин 3 бөлүгүнүн 2 пунктун абзацын каалабаган кош бойлуулукка алып келген деген сөздөн кийин же ошого тете «репродуктивдүү функциясынын бузулушуна» алып келсе деген сөз менен толуктоо зарыл.

4. КР КЖК 162-беренесиндеги Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер 2 бөлүгүнүн 2 пунктун өмүргө же ден-соолукка деген сөздөн кийин анын ичинде адамдын репродуктивдүү функциясынын бузулушуна коркунуч келтирген зомбулук көрсөтүү коркунучу менен коштолгон, деп толуктоо зарыл.

5. КР КЖК 156-беренедеги түйүлдүк менен тыюу салынган аракеттер боюнча өз алдынча квалификациялоочу беренени киргизүү зарыл.

Аны төмөнкүдөй редакцияда берүү керек:

Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдаланууда адамдын эмбрионун (донордун клеткасын) мыйзамсыз алууга мажбурлоо, пайдалануу;

Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу максатында пациенттердин клеткаларын (эмбриондорун) мажбурлап алуу, зомбулук көрсөтүү менен же зомбулук көрсөтүү коркунучу, же алдоо жолу менен жасалганда

үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен же андай кылбастан биринчи категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат деп аныктоо зарыл.

6. Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу менен ишке ашырылуучу медициналык эрежелерди бузуу

1) Көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу процессинде пациенттин (донордун) же карын энениликти ишке ашырууда мыйзамдарда белгиленген шарттары жана тартиби бузулганда, бул байкабастыктан реципиенттин саламаттыгына оор же анча оор эмес залал келтиргенде, -

Биринчи категориядагы эркинен ажыратуу менен же болбосо белгилүү бир кызматты ээлөөгө же үч жылга чейин белгилүү бир иш менен алектенүүгө тыюу салууга жазаланат.

(2) Ошол эле жосундар байкабастыктан реципиенттин өлүмүнө алып келсе, -

2 категориядагы эркидигинен ажыратуу менен белгилүү бир кызматты ээлөөгө же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир иш менен алектенүүгө тыюу салууга жазаланат деп аныктоо зарыл.

7. Жазык мыйзамынын 171 - беренесиндеги Адамдарды сатуу боюнча жоопкерчиликтин (3) бөлүгүнүн биринчи абзацын 1) "адамдан же өлгөн адамдан трансплантация үчүн органдарын же ткандарын көмөкчү репродуктивдүү технологияларда пайдалануу үчүн адамдын жыныс клеткаларын (ооциттерди) алуу максатында" деп толуктоо зарыл.

8. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин - 83-беренесиндеги врачтык сырды ачыкка чыгаруу төмөнкүдөй "көмөкчү технологияларды пайдалануу менен байланышкан" деген сөз менен толуктоо зарыл.

9. Жазык кодексинин 184-беренеси. Асырап алуунун, анын ата тегинин келип чыгуусун сырын ачыкка чыгаруу деп сыпаттоо менен мыйзамдын биринчи абзацын "Бала

асырап алуучулардын эркине каршы бала асырап алуунун сырын, көмөкчү репродуктивдүү технологияларды пайдалануу аркылуу ата тегинин келип чыгышы боюнча адамдын эркине каршы сырын ачып койгондо” деп толуктоо зарыл.

**Рахмат!**

**Төрага А.А. Арабаев:** негизги жоболор менен да тааныштырып өткөнгө жетишти, суроолор болсо бериңиздер. Биринчи суроо, 5 жободо сыпаттоо деп жазылып турат, аны кандай түшүндүрөсүз? Экинчи суроо карын энеликтин аныктамасын кандай бересиздер?

**Турсунбаева Ч.М.:** Суроо үчүн рахмат. Сыпаттоо деген сөз орус тилинде «формулировать» дегенди түшүндүрөт, нерсенин белгилерин аныктоо менен ага түшүнүк берүү. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине ылайык карын энелик - карын эне менен кудуреттүү ата-эненин ортосунда түзүлгөн келишим боюнча баланы бойго бүтүрүү, боюнда көтөрүү жана төрөө. Издөөнүн негизинде бул аныктама карын энеликтен келип чыккан мамилелерди толуккандуу жөнгө салбаганын байкасак болот. Мисалы, көмөкчү репродуктивдүү технологиялар менен төрөлгөн баланын укуктары жөнгө салынган эмес. Карын эненин укук жана милдеттери так жазылуусу зарыл.

**Төрага А.А. Арабаев:** Талкууга өтсөк. Кимде кандай суроо бар?

**Юлдашев:** Биринчи суроо, бул теманы тандооңузга эмне түрткү болду? Экинчи суроо, диссертациялык ишти жазууда Ата-мекендик кайсы окумуштуулардын эмгектерине кайрылдыңыз?

**Турсунбаева Ч.М.** Рахмат. Аял катары бул тема менде кызыгууну жаратты, аялдардын репродуктивдүү укуктарынын пайда болуп, аларды мыйзам тарабынан жөнгө салына баштаганына көп убакыт өткөн жок. Азыркы учурда көмөкчү репродуктивдүү технологияларды ишке ашыруу менен пайда болгон мамилелер көп болуп, алардын баары эле мыйзам тарабынан жөнгө салынган жок. Бул мамилелердин мыйзам тарабынан жөнгө салынбаганы кээ бир көйгөйлөрдү жаратуу коркунучу бар (инсандын ден-соолугуна, кээ бир укуктарына жана кызыкчылыктарына ж.б.) андыктан бул чөйрөдө боштуктарды толтуруу убактысы келди деп ойлойм.

Аялдардын репродуктивдүү укуктары теоретикалык негизде Кыргызстанда изилденген эмес. Ата-Мекендик окумуштуулардан карын энеликтин кээ бир жактары О.В. Подкорытованын «Защита личных неимущественных прав и законных интересов родителей как участников семейных отношений» эмгегинде, конституциялык укук контекстинде Ж.Ж. Сабырова тарабынан «Конституционно правовые основы охраны репродуктивных прав человека» деген эмгектеринен көрүүгө болот.

**Төрага А.А. Арабаев:** Кыргыздардын адат укугунда, аялдардын укуктары анын ичинде репродуктивдүү укуктары өзгөчө коргоого алынган жана дифференцияланган деп белгилепсиздер, сөз эмне жөнүндө болуп жатат?

**Турсунбаева Ч.М.:** Адат укугуна токтолуп кете турган болсок, көптөгөн жылдар бою аялдардын укуктары жана эркиндиктери төмөн абалда болуп, кээ бир патриархалдык түзүлүштөрдө буюм катары таанылып, сатууга, белекке берүүгө жол берилген. Өз ара касташкан уруулар жарашкандыгына байланыштуу бири бирине аттарды жана кыздарды белекке беришкен. Ошондой эле мисал катары кош бойлуу аялды өлтүргөндүгү үчүн кун алууда төмөнкүлөр эске алынган:

-кош бойлуулуктун алгачкы убагында 9 төө айып; -5 айдан жогору болгон кош бойлуулукка-25төө; -төрөөгө аз калган, беш айдан өткөн аялды өлтүргөндүгү үчүн 75 жандык талап кылынган.

**Төрага А.А. Арабаев:** Кимде кандай суроо бар? Жок. Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациялык ишинин негизги жоболору жана алынган илимий

жыйынтыктары жана практикалык сунуштамалары менен тааныштырды жана берилген суроолорго толук жооп берди.

**ЧЕЧИЛДИ:**

**Изденүүчү** Ч.М.Турсунбаеванын **диссертациясын алдын ала коргоосу боюнча Диссертациялык кеңеш ЧЕЧИМ кабыл алды:**

1. Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын 12.00.01– укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча “Кыргыз Республикасындагы аялдардын репродуктивдүү укуктарын ченемдик укуктук жөнгө салуу” аттуу темадагы диссертациясы Диссертациялык кеңештин кезектеги отурумунда коргоого кабыл алынсын.

2.Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясы боюнча биринчи расмий оппонент катары ю.и.д., профессор Жумабекова Т.А., экинчи расмий оппонент ю.и.к., Юлдашев К.К., жетектөөчү уюм катары Э.Алиев ат.ИИМ академиясы дайындалышсын.

3.Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясынын автореферат таркатылуучу илимий мекемелердин (уюмдардын) кошумча тизмеси аныкталсын (тиркелет).

4.Изденүүчү Ч.М.Турсунбаеванын диссертациясы диссертацияларды коргоонун электрондук кезегине киргизилсин.

Диссертациялык кеңештин
төрагасы, ю.и.д., профессор А.А. Арабаев

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
ю.и.к., Н.А. Пазылов